**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2013-жылдын IV чейреги

**2014-жылдын январь айы**

**Бишкек**

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Редакциялык кеңеш:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Абдыбалы тегин С. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Урустемов С.А. |
| | Исакова Г.А. |
| | Бердигулова А.Р. |
| Жооптуу катчы: | Алыбаев А.Ш. |


Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 66-91-57 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы
aalybaev@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма, республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2014-жылдын 31-январы

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөртүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

«Издательский дом «Позитив» ЖЧК басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2013-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсы формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Аталган басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма, Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылма, Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Басылма, чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчетто, финансылык туруктуулукка, банктардын абалына, финансылык ортомчулуктун башка институттарына таасир эткен тышкы экономикалык жана ички экономикалык факторлор, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун жана финансы секторунун туруктуулугунун учурдагы абалына талдап-иликтөөлөр боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүлөрү чагылдырылат. Жылына эки жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма, коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды жарыялап туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

## МАЗМУНУ

**1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ................5**

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш..................5
1.1.1. Суроо-талап.........................................................................................................5
1.1.2. Сунуш....................................................................................................................8
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар.......................................................10
1.3. Тышкы экономикалык шарттар........................................................................15
1.4. Алмашуу курсу........................................................................................................17

**2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР........................................................20**

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасын иликтөөлөр.................................20
2.2. Азык-түлүк товарларына карата баа динамикасы....................................................20
2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баа динамикасы.......................................21
2.4. Динамика цен на услуги..............................................................................................22
2.5. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы....................................................................23
2.6. Базалык инфляция.......................................................................................................24

**3-ГЛАВА. ДҮЙНӨЛҮК ТОВАРДЫК-ЧИЙКИ ЗАТ РЫНОКТОРУНА БАЯНДАМА.....25**

3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторуна баяндама.........................................................25
3.2. Энергопродукциялар дүйнөлүк рынокторуна баяндама..........................................26

**4-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕРИ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ............................................28**

4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери..................................................28
4.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери...............................30

**5-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР.......................................32**

5.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор...................32
5.2. Инфляцияны 2014-жылга болжолдоолор...................................................................33

**СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ...........................................................................................36**

**ГЛОССАРИЙ..........................................................................................................................41**

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ ................................................................. 45**


# 1-глава. Кыргыз Республикасынын экономикалык абалы

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

Алдын-ала маалыматтар боюнча 2013-жылы ички дүң өнүм 2012-жылдагыга салыштырганда реалдуу мааниде 10,5 пайызга көбөйүү менен номиналдык мааниде 350,0 млрд. сомду түзгөн ал эми 2012-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан такталган маалыматтар боюнча ИДӨ көлөмү 0,1 пайызга төмөндөгөн. “Кумтөр” алтын кен казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨ көлөмү 2013-жылы 5,8 пайызга өскөн (2012 –жылы өсүш 6,3 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору 2012-жылдагы 8,7 пайызга караганда 2,0 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨ жана акча которуулардын өзгөрүү динамикасы**
*(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата мезгили)*




Акча которуулардын өсүш арымы төмөндөөсүн улантууда. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде акча которуулардын таза агылып кирүүсү 7,9 пайызга көбөйүү менен 1 908,1 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми 2012-жылы өсүш 17,5 пайыз чегинде катталган.

МАЗМУНУ

**1.1.1-таблица. Жеке адамдардын которуу системалары боюнча акча которуулары***
*(млн. АКШ доллары)*

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013** |
|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **1 124,9** | **1 505,4** | **1 768,5** | **1 908,1** |
| **Агылып кирүүлөр** | **1 252,6** | **1 695,4** | **2 017,9** | **2 269,2** |
| КМШ өлкөлөрү | 1 199,3 | 1 639,4 | 1 980,4 | 2 246,3 |
| Казакстан | 35,0 | 41,2 | 33,8 | 25,4 |
| Россия | 1 164,3 | 1 597,5 | 1 946,2 | 2 220,5 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,7 | 0,5 | 0,4 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 53,3 | 56,0 | 37,5 | 22,9 |
| Бельгия | 0,2 | 1,4 | 0,0 | 0,1 |
| Улуу Британия | 1,4 | 1,5 | 1,2 | 1,5 |
| Германия | 9,9 | 15,7 | 9,5 | 1,8 |
| АКШ | 41,7 | 36,1 | 25,0 | 16,4 |
| Жана башкалар | 0,1 | 1,3 | 1,8 | 3,1 |
| **Агылып чыгуулар** | **127,6** | **190,1** | **249,4** | **361,1** |
| КМШ өлкөлөрү | 125,8 | 185,8 | 243,8 | 355,3 |
| Казакстан | 0,4 | 0,7 | 0,6 | 0,7 |
| Россия | 125,4 | 184,9 | 242,8 | 351,9 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,3 | 0,4 | 2,7 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,8 | 4,3 | 5,6 | 5,8 |
| Бельгия | 0,5 | 0,6 | 0,3 | 0,5 |
| Германия | 0,3 | 1,4 | 1,4 | 0,4 |
| АКШ | 0,9 | 2,0 | 2,5 | 3,0 |
| Жана башкалар | 0,2 | 0,3 | 1,4 | 1,9 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары, "Кыргызпочтасы" МИ аркылуу которуулар.
** Алдын-ала маалыматтар.

МАЗМУНУ

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча 2013-жылдын январь-декабрь айларынын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик бюджет тартыштыгы 2,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,7 пайызды[1] (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – ИДӨгө карата 6,5 пайызды) түзгөн.

Финансылык эмес активдерди сатуудан кирешелерди кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешелери өткөн жылдын январь-декабрь айларындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 17,1 пайызга же 14,9 млрд. сомго көбөйүү менен 101,9 млрд. сомду (ИДӨгө карата 29,1 пайызды) түзгөн. Операциялык иштен кирешелер 101,8 млрд. сом же ИДӨгө карата 29,1 пайыз чегинде катталган. Операциялык кирешелердин өсүшүнө салыктык кирешелер (10,3 п.п.) олуттуу салым кошсо, алынган расмий трансферттердин салымы 4,1 п.п., ал эми салыктык эмес кирешелердин салымы – 2,9 п.п.түзгөн.

Финансылык эмес активдерди сатып алууга чыгашаларды кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары 2012-жылдын январь-декабрь айларындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 2,8 пайызга же 3,0 млрд. сомго көбөйүү менен 104,3 млрд. сом же ИДӨгө карата 29,8 пайыз чегинде катталган.

Операциялык ишке чыгашалар 86,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 24,7 пайызды түзгөн. Экономикалык классификациялоо боюнча чыгашалар түзүмүндө күндөлүк керектөөгө багытталган чыгашалардын жогорку үлүшү сакталып турат. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде субсидияларды жана социалдык жөлөк пулдарды төлөөгө чыгашалардын үлүшүнүн 7,1 пайыздык пунктка көбөйүүсү байкалган, ал, негизинен, пенсиялардын базалык бөлүгүн төлөө үчүн чыгашалардын өсүшүнүн эсебинен түптөлгөн.


Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын-ала маалыматтары боюнча Социалдык фондунун бюджет профицити 0,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,1 пайызды,

[1] 2013-жылдын сентябрь айынан тартып бюджет көрсөткүчтөрүн эсептөө методологиясына карата жаңыртылган ыкманын негизинде эсептелген маалыматтар келтирилген.

кирешелери – 33,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 9,6 пайызды, чыгашалары – 33,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 9,5 пайызды түзгөн.

Консолидацияланган бюджет тартыштыгы (мамлекеттик бюджет + Социалдык фондунун бюджети) кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча 1,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,5 пайызды түзгөн. Ал эми кирешелери 118,8 млрд. сом же ИДӨгө карата 34,0 пайыз, ал эми чыгашалары – 120,7 млрд. сом же ИДӨгө карата 34,5 пайыз чегинде катталган.

**1.1.2-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(бир мезгил ичинде)*




2013-жылы негизги капиталга инвестициялар 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,3 пайызга өскөн (салыштырмалуу баада) жана 78,2 млрд. сомду түзгөн.

Инвестициялардын тармактык түзүмүндө негизги үлүш тоо кендерин казып алуу өнөр жайына (33,1 пайыз), транспортко жана байланышка (13,8 пайыз), иштеп чыгуу өнөр жайына (11,1 пайыз), электроэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүгө (9,1 пайыз) туура келген.

Тоо кендерин казып алуу өнөр жайын каржылоо ишканалардын жана уюмдардын каражат эсебинен (77,0 пайыз) жана тике чет өлкө инвестициялардын эсебинен (22,3 пайыз) жүзөгө ашырылган, бул тоо кендерин казып алуу өнөр жайында объекттерди курууда негизги капиталга өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмүнүн 22,2 пайызга көбөйүүсүнө алып келген.

Иштеп чыгуу өнөр жайында инвестициялардын көлөмү 10,9 пайызга көбөйгөн, мында 78,0 пайыз мунай заттарын өндүрүү боюнча курулуш объекттерине, анын ичинде Карабалтадагы мунайды кайра иштетүү заводунун курулушуна өздөштүрүлгөн. Ошону менен бирге эле, иштеп чыгуу өнөр жайында инвестициялардын көбөйүүсү “Кумтөр” алтын кен казып алуу ишканасында өндүрүштүн калыбына келтирилишине да шартталган. Тармакты каржылоо негизинен, чет өлкө кредиттеринин (80,1 пайыз) жана ишканалар менен уюмдардын каражаттарынын эсебинен (12,6 пайыз) жүзөгө ашырылган.

Транспорт жана байланыш объекттеринин курулушун каржылоо, негизинен, чет өлкө кредиттеринин (54,3 пайыз), ишканалар менен уюмдардын (26,5 пайыз), республикалык бюджеттин (10,7 пайыз) каражат эсебинен жүзөгө ашырылган, мында бул тармакта өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмү 6,9 пайызга төмөндөгөн. Инвестицияларды «Талас-Тараз-Суусамыр», «Ош-Иркештам», «Ош-Исфана», «Бишкек-Торугарт», «Түштүк

МАЗМУНУ

транспорт коридору» автоунаа жолдорун реконструкциялоого, “Аймактык жол коридорун жакшыртуу” долбоору боюнча жолдорду реабилитациялоого өздөштүрүү улантылууда.

Электроэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү секторуна инвестициялар, негизинен, чет өлкө каражаттарынын эсебинен (67,7 пайыз), 28,7 пайыз – ишканалар менен уюмдардын каражат эсебинен келип түшкөн, ошону менен бирге эле, 2012-жылдагы инвестициялардын көлөмүнө салыштырганда, инвестицияларды өздөштүрүү көлөмү 37,1 пайызга кыскарган.

**1.1.2-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | 2012 | 2013 | 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы болуп, *млн. сом* | | үлүшү, *пайыздар* | өсүштүн реалдуу арымы[1], *пайыздар* |
| **Бардыгы** | **73 222,1** | **78 202,6** | **100,0** | **102,3** |
| **Ички инвестициялар** | **49 023,5** | **50 153,1** | **64,1** | **98,1** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каралган каражаттарды кошо алганда) | 3 120,1 | 2 679,7 | 3,4 | 82,2 |
| Жергиликтүү бюджет | 697,8 | 589,7 | 0,8 | 80,8 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 29 441,3 | 29 854,5 | 38,2 | 97,2 |
| Банктын кредити | 858,7 | 210,0 | 0,3 | 23,8 |
| Калктын каражаты | 14 905,6 | 16 819,2 | 21,5 | 108,3 |
| **Тышкы инвестициялар** | **24 198,6** | **28 049,5** | **35,9** | **110,7** |
| Чет өлкө кредити | 17 880,1 | 18 733,8 | 24,0 | 100,1 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 3 875,1 | 7 407,3 | 9,5 | 1,8 эсе |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 2 443,4 | 1 908,4 | 2,4 | 75,7 |

*Булак: КРнын УСК*


[1] *Арымдар салыштырмалуу бааларда эсептелинген*

## 1.1.2. Сунуш

2013-жыл ичинде ИДӨ ажырымынын четтетилиши белгиленген, жыл жыйынтыгы боюнча ал нөлдүк мааниден алгылыктуу жагына өзгөргөн. 2012-жылдан бери ИДӨ ажырымынын терс маанисинин орун алышы өндүрүштүк кубаттуулуктардын жеткиликтүү ишке тартылбай жаткандыгын көрсөткөн. Бирок, кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата калыбына келүү процесси байкалган, жыйынтыгында ИДӨ алгылыктуу ажырымы 2013-жыл ичинде 0,8 пайызды түзгөн.

**1.1.2.1-сүрөт. ИДӨ ажырымы**

*(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жылдын башынан бери мезгил)*






МАЗМУНУ

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча, «Кумтөр» алтын кен казып алуу ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн калыбына келишинин натыйжасында, ИДӨнүн калыптанышына негизги салымды иштеп чыгуу өнөр жай ишканалары (5,5 п.п.) кошушкан. Ошону менен бирге эле, кызмат көрсөтүүлөр секторунун салымы 2,5 п.п. түзсө, ал эми айыл чарба секторунун салымы 2013-жылы 0,3 п.п. жогору болуу менен 0,5 п.п. чегинде катталган.

Секторлор боюнча иштеп чыгуу өнөр жайында (+ 45,4 пайызга), курулушта (+ 12,4 пайызга) жана транспорт жана байланышта (+ 12,3 пайызга) өндүрүш көлөмүнүн өсүшү белгиленген. Ошону менен бирге эле, электроэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү сектору тарабынан (-0,05 п.п.) ИДӨ өсүшүнө терс салым кошулган, өндүрүш көлөмүнүн төмөндөөсү 1,7 пайызды түзгөн, ал Токтогул суу сактагычында суунун аз болушу мезгилинин орун алышына байланыштуу, электрэнергиясын иштеп чыгуунун 4,9 пайызга кыскарышы, ошондон улам электр энергиясын бөлүштүрүү кызматтарын сунуштоо көлөмүнүн 1,4 пайызга кыскарышы менен шартталган.

**1.1.2.1-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы**
*пайыздар*

| | Салыштырма салмак | | Өсүштүн арымы | | Өсүшкө салымы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012-ж. | 2013-ж. | 2012-ж. | 2013-ж. | 2012-ж. | 2013-ж. |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токойчулук | 16,7 | 15,2 | 1,2 | 2,9 | 0,2 | 0,5 |
| Тоо-кен казуу өнөр жайы | 0,9 | 0,7 | 37,6 | -4,6 | 0,3 | -0,04 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 12,1 | 13,4 | -28,0 | 45,4 | -5,1 | 5,5 |
| анын ичинде «Кумтөр» | 5,7 | 7,8 | -46,3 | 88,8 | -5,6 | 5,1 |
| Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 2,7 | 2,0 | 5,2 | -1,7 | 0,2 | -0,05 |
| Курулуш | 6,5 | 6,8 | 29,7 | 12,4 | 1,5 | 0,8 |
| Соода; автоунааларды оңдоо | 16,0 | 16,1 | 10,7 | 7,0 | 1,6 | 1,1 |
| Транспорт жана байланыш | 9,2 | 9,5 | 9,4 | 12,3 | 0,8 | 1,1 |
| Жана башкалар | 22,9 | 22,0 | 2,5 | 0,9 | 0,5 | 0,2 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 13,1 | 14,4 | -0,1 | 10,5 | -0,01 | 1,4 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **-0,1** | **10,5** | **-0,1** | **10,5** |
| **Кумтөрдү эске албаганда ИДӨ** | | | **6,3** | **5,8** | **-0,1** | **5,5** |

*Булак: УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси (ФКИ) 34,3 пайызга өсүштү көрсөткөн. Иштеп чыгуу өнөр жайынын көпчүлүк секторлорунда, жалпысынан, алгылыктуу динамика байкалган. Өнөр жай өндүрүшүнүн ФКИнин өсүшү, көбүнчө, иштеп чыгуу өнөр жайында өндүрүш көлөмүнүн (45,4 пайызга), анын ичинде тери өндүрүү, териден буюмдарды жасоонун жана бут кийим тигүүнүн (43,3 пайыз), химия өндүрүшүнүн (29,0 пайыз) жана башка металлга кирбеген минерал эмес продукттарды өндүрүүнүн (27,3 пайыз) эсебинен көбөйүүсүнө шартталган. «Кумтөр» алтын кен иштеп чыгуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн өсүшү 3,5 пайызды (өсүш 2012-жылы – 6,1 пайызды) түзгөн. Иштеп чыгуу өнөр жайынын айрым секторлорундагы өсүштү эске албаганда, өндүрүштүн төмөндөө тенденциясы 2013-жылы текстиль жана тигүү өндүрүшүндө (-16,5 пайыз), мунай заттарын жана ядердик материалдарды өндүрүүдө (-13,9 пайыз) да орун алган. Текстиль жана тигүү өнөр жайында өндүрүш арымынын төмөндөөсү керектөөчү өлкөлөрдө даяр продукцияга суроо-талаптын кыскарышы менен шартталган.

Айыл чарба секторунда 2013-жылы байкоого алынып жаткан мезгил ичинде негизги

МАЗМУНУ

айыл чарба өсүмдүктөрүн өндүрүүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен физикалык көлөм индексинин 2,9 пайызга бир аз өсүшү байкалган (2012-жылы ФКИ өсүшү 1,2 пайызды түзгөн).

Соода оперцияларын дүңүнөн жүгүртүү отчеттук жылы 325,8 млрд. сом чегинде катталган, мында соода операцияларынын көлөмү реалдуу мааниде 2012-жылга салыштырганда 7,0 пайызга көбөйгөн (2012-жылы соода көлөмүнүн өсүшү 11,3 пайызды түзгөн). Кароого алынып жаткан мезгил ичинде соода жүгүртүүнүн, автоунааларды, тиричилик буюмдарын жана жеке пайдалануудагы буюмдарды оңдоонун байкоого алынган өсүшү мотор майларын чекене сатуунун өсүшү (+13,7 пайыз), автоунааларды жана мотор майларын сатууну кошпогондо (+7,5 пайыз), чекене сатуу менен камсыз болгон.

**1.1.2.2-таблица. Соода операцияларын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | 2012 | | 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **111,3** | **100,0** | **107,0** |
| Авто жана мото техникалары, алардын тетиктери менен соода | 3,2 | 122,8 | 3,0 | 105,2 |
| Автоунааларды техникалык тейлөө жана оңдоо | 0,5 | 102,3 | 0,4 | 102,7 |
| Дүң соода | 32,5 | 112 | 31,8 | 104 |
| Мотор майлары менен чекене соода | 11,2 | 125,2 | 11,3 | 113,7 |
| Автоунаалардан жана мотор майларынан тышкары чекене соода | 52,5 | 107,9 | 53,3 | 107,5 |
| Турмуш-тиричилик жана жеке пайдалануу буюмдарын оңдоо | 0,2 | 95,9 | 0,2 | 102,3 |

*Булак: КРнын УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

Акча базасы 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча 13,4 пайызга же 8,6 млрд. сомго өскөн жана 2014-жылдын 1-январына карата 73,1 млрд. сомду (2012-жылы 17,7 пайызга өсүш байкалган) түзгөн. Акча базасынын өсүшүнө аны 10,4 млрд. сомго көбөйткөн Өкмөттүн операциялары таасирин тийгизген, Улуттук банктын операциялары акча базасын 1,8 млрд. сомго кыскарткан. (Салыштыруу үчүн: 2012-жылы акча базасы 9,7 млрд. сомго өскөн. Өкмөттүн операциялары акча базасын 12,3 млрд. сомго көбөйткөн. Ал эми Улуттук банктын операциялары акча базасын 2,6 млрд. сомго кыскарткан).

Улуттук банк отчеттук жылы, көбүнчө, мамлекеттик бюджеттин күтүлүп жаткан тартыштыгынын жогорку деңгээлде болушуна байланыштуу орун алган инфляциялык тобокелдиктерди эске алуу менен инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдү чектөө максатында, арылтуу операцияларын жүргүзгөн. Банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүктү алып салуунун негизги инструменти болуп, Улуттук банктын ноталары калган, алардын жүгүртүүдөгү көлөмү 2013-жылдын акырына карата жыл башындагы 3,1 млрд. сомдон 6,6 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Улуттук банк үстөк ликвиддүүлүктү кошумча алып салуу максатында 2013-жыл ичинде МБКларды репо шарттарында сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн, мында үчүнчү чейрек эске алынбайт, анткени бул чейректе үстөк ликвиддүүлүктүн 1,4 млрд. сом орточо күндүк деңгээлде түптөлүшүндө аларды жүргүзүү талап кылынган эмес. Репо шарттарында сатылган, жүгүртүүдөгү МБКлардын көлөмү 2013-жылдын акырына карата 584,4 млн. сомду (жылдын башталышында – 795,8 млн. сомду) түзгөн.


Отчеттук жылдын натыйжасы боюнча жүгүртүүдөгү акча 2014-жылдын 1-январына

карата 67,0 млрд. сомду түзүү менен 14,9 пайыз же 8,7 млрд. сом чегинде (2012-жылы – 16,8 пайыз чегинде) түптөлгөн.

**М2 акча топтому**

М2 (М0 + сом түрүндөгү депозиттер) акча массасы 2013-жыл ичинде 17,4 пайызга көбөйүү менен (2012-жылы көбөйүү 24,7 пайыз чегинде катталган) 2014-жылдын 1-январына карата 91,0 млрд. сомду түзгөн. М2 акча массасын түзүүчүлөр төмөнкүчө өзгөргөн: банктардан тышкаркы акчалар (М0) 13,5 пайызга, сом түрүндөгү депозиттер – 26,7 пайызга, анын ичинде мөөнөттүү депозиттер – 55,5 пайыз, которулма депозиттер (талап боюнча төлөнүүчү) – 13,4 пайызга өскөн.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымдары**





**М2Х акча топтому**

М2Х (М2 + чет өлкө валюталык депозиттер) кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмү 2013-жыл ичинде 22,8 пайызга же 22,4 млрд. сомго кеңейүү менен 2014-жылдын 1-январына карата 120,9 млрд. сомду түзгөн (2012-жылы өсүш 23,8 пайызга түптөлгөн). М2Х кеңири мааниде колдонулган акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү 34,2 пайызга, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер 42,4 пайызга көбөйгөн (2012-жылы депозиттердин жалпы көлөмүнүн өсүшү – 36,1 пайыз, банктардан тышкаркы акчалар – 15,5 пайыз чегинде түптөлгөн).

Секторлор боюнча М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын компоненттери ичинде финансылык эмес корпорациялардын депозиттери жана башка финансылык корпорациялардын депозиттери баарынан тез өскөн, алардын өсүшү 2013-жыл ичинде, тиешелүүлүгүнө жараша 40,7 жана 38,1 пайызды түзгөн. Башка резидент секторлордун депозиттери 29,3 пайызга өскөн.

МАЗМУНУ

**1.2.2-сүрөт. Коммерциялык банктардын депозиттеринин жылдык номиналдык өсүш арымы**




M2X акча массасынын түзүмү отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча төмөнкүчө өзгөргөн:

– банктардан тышкаркы накталай акчалардын үлүшү 55,4 пайыздан 51,2 пайызга чейин азайган;
– сом түрүндөгү депозиттердин үлүшү 23,3 пайыздан 4,0 пайызга чейин көбөйгөн;
– чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,3 пайыздан 24,8 пайызга чейин көбөйгөн.


Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын мультипликатору, байкоого алынып жаткан мезгил ичинде жыл башталышындагы 1,527 ден отчеттук жылдын акырына карата 1,653 кө чейин көбөйгөн, бул M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмүндө депозиттердин көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн.

M2X акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монеттештирүү коэффициенти экономиканын өсүш арымына салыштырганда акча массасынын өсүш арымынын озуп кетишинин натыйжасында, жыл башталышындагы 29,0 пайыздан отчеттук жылдын акырына карата 30,8 пайызга чейин көбөйгөн. M2X акча топтомунун жүгүртүү тездиги ушундан улам, жыл башталышындагы 3,4төн, 2013-жылдын акырына карата 3,2 ге чейин төмөндөгөн.

МАЗМУНУ

## Банктар аралык рыноктогу операциялар

**1.2.3-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




Сом түрүндөгү займдардын (насыялардын) агрегирленген өлчөмү 18,6 млрд. сомду түзүү менен 52,5 пайызга көбөйгөн, мындай жагдай кредиттик ресурстардын ички банктар аралык рыногунда улуттук валютадагы жөнөкөй кредиттик бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы көлөмүнүн көбөйүүсүнүн (+35,8 пайыз) эсебинен түптөлгөн, көбөйүү жылдык орточо 7,2 пайыздык ченде (-0,5 п.п.) 1,8 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр ишке ашырылган эмес.

2013-жылдын декабрь айынын акырына карата абал боюнча эсептик чен жыл башынан бери 1,6 п.п. жогорулоо менен 4,2 пайызды түзгөн. «Овернайт» кредиттери боюнча чен 2012-жылдын январь-декабрь айларындагы көрсөткүчкө салыштырганда бир мезгил ичинде орточо 4,1 пайыз өлчөмүндө түптөлүү менен 4,4 п.п. төмөндөгөн. Ал эми мындай кредиттердин көлөмү жыл ичинде 64,8 пайызга, 8,1 млрд. сомго чейин өскөн.


Репо операциялары боюнча пайыздык чендин орточо салмактанып алынган мааниси 3,9 пайыздык пунктка, 3,8 пайызга чейин азайган. Репо-операциялары боюнча бүтүмдөрдүн көлөмү 8,7 млрд. сомду (+46,1 пайыз) түзгөн.

2013-жылдын январь-декабрь айларында ликвиддүүлүктү колдоого 3 айлык мөөнөткө кредиттерди берүү менен аукциондор өткөрүлгөн, коммерциялык банктарга берилген кредиттик ресурстардын жалпы көлөмү 318,1 млн. сом чегинде катталган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде орточо салмактанып алынган пайыздык чен 5,8 пайызды түзгөн. Мындан тышкары, 5,7 пайыз орточо салмактанып алынган пайыздык ченде 582,8 млн. сом жалпы суммасында 6 айлык мөөнөттө кайра каржылоо аукциондору өткөрүлгөн.

Улуттук банктын кыйла кирешелүү 28 күндүк ноталары инвесторлор тарабынан айрыкча суроо-талап менен колдонулган. Жарыяланган эмиссиянын чогуу алгандагы көлөмү 2012-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 62,2 пайызга көбөйүү менен отчеттук жылдын январь-декабрь айларында 50,6 млрд. сомду түзгөн. Улуттук банктын

ноталарын сатуунун агрегирленген көлөмү өткөн жылдын январь-декабрь айларындагы көрсөткүчкө салыштырганда, 2,0 эсеге көбөйүү менен 44,6 млрд. сом чегинде катталган. Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү кароого алынган мезгил ичинде 3,5 пайызды түзгөн.

**1.2.4-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүк динамикасы**





Отчеттук жылдын январь-декабрь айларында МКВлардын жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 5,9 млрд. сом (+21,1 пайыз) чегинде катталган. МКВларды сатуунун чогуу алгандагы көлөмү отчеттук мезгил ичинде 2012-жылдын ушундай эле мезгилине салыштырганда 20,7 пайызга, 5,7 млрд. сомго чейин жогорулаган. МКВлардын орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 8,5 пайызга (-1,4 п.п.) чейин азайган, мындай жагдай баалуу кагаздардын бардык түрү боюнча кирешелүүлүктүн, көбүнчө, 3-, 6- жана 12-айлык МКВлардын кирешелүүлүгүнүн, тиешелүүлүгүнө жараша 1,3; 2,0 жана 1,3 п.п. төмөндөөсүнүн эсебинен түптөлгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, кошумча жайгаштырууларды эске алганда, жалпысынан 2,4 млрд. сом суммасында облигациялар жайгаштырылган, бул 2012-жылдын тиешелүү мезгилине караганда 10,1 пайызга аз. Отчеттук жылдын январь-декабрь айларында жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 1,9 млрд. сомду (-29,4 пайыз) түзгөн.

МКОлордун эмиссиясынын көлөмүнүн кыскаруусунун алкагында жүргөн, рынок жигердүүлүгүнүн басаңдашынан кийин орточо айлык пайыздык чендин бир аз 0,1 п.п., 14,8 пайызга чейин төмөндөөсү катталган.

**1.2.5-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**





## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар[1]

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2013-жылы өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчүнө караганда 15,1 пайызга көбөйүү менен 3 455,0 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгилде тышкы соода жүгүртүү 7 671,4 млн. АКШ доллары чегинде түптөлгөн, бул 2012-жылдагы көрсөткүчтөн 10,7 пайызга көп.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**
*(млн. АКШ долл.)*




МАЗМУНУ

[1] Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

Товарлар экспорту (ФОБ баасында) 2012-жылга салыштырганда 7,3 пайызга көбөйүү менен отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 2 108,2 млн.АКШ долларын түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде алтындын экспортунун көлөмү 31,0 пайызга (абсолюттук мааниде 174,5 млн. АКШ долларына) өскөн. Өсүш берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 62,7 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен жүргөн, ал эми алтынды берүүлөрдүн айкын орточо экспорттук баасы 19,5 пайызга төмөндөгөн. Мындан тышкары, авиаотундун, жашылчалардын, резина дөңгөлөктөрүнүн, тапталган айнектин, чоюндун жана болоттун ж.б. экспортунун көлөмүнүн көбөйүүсү белгиленген. Ушуну менен катар эле, жүк ташуу үчүн автоунааларды жана атайы багытка каралган автоунааларды, кийимди жана ага тиешелүүлөрдү, кендерди жана баалуу металл аралашмаларын, электр тогун, пахтаны ж.б. берүүлөрдүн кыскаруусу байкалган. Ошентип, алтынды эске албаганда экспорт 2,2 пайызга төмөндөө менен 1 371,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгилде экспорттолуучу товарлардын негизги топторунун салыштырма салмагы[1] олуттуу өзгөрүүгө дуушар болгон эмес. Аралык товарларды кошпогондо, товарлардын бардык топтору боюнча нарктык көлөмдүн төмөндөөсү байкалган, бул экспорттун жалпы көлөмүндө алардын үлүшүнүн төмөндөөсүнө алып келген.

Керектөө багытындагы товарлардын экспортунун көлөмү 5,3 пайызга төмөндөө менен 408,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, азык -түлүктөн башка товарларды ташып чыгаруунун 14,8 пайызга кыскаруусу байкалган, ошол эле учурда азык-түлүк товарларынын экспорту 5,4 пайызга өскөн.

Азык-түлүк товарларын берүүлөрдүн көбөйүүсү, көбүнчө, жашылчаларды берүүлөрдүн өсүшүнөн улам келип чыккан. Алсак, экспорттук баалардын 16,4 пайызга жана берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 7,3 пайызга көбөйүүсүнүн натыйжасында, отчеттук мезгилде жаңы үзүлгөн жана тоңдурулган жашылчаларды ташып чыгаруу 24,9 пайызга же 22,0 млн. АКШ долларына өскөн. Мындан тышкары, эт жана эт азыктарынын экспортунун көлөмү (18,2 пайызга же 1,1 млн. АКШ долларына) көбөйгөн, бул баалардын 8,0 пайызга төмөндөөсүнүн алкагында, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 28,4 пайызга өсүшү менен аныкталган. Мында, май менен сырды кошпогондо (34,6 пайызга же 7,3 млн. АКШ долларына кыскаруу жүргөн), сүт, каймак жана сүт азыктарынын экспортунун нарктык көлөмү азайган, ал берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 69,1 пайызга төмөндөөсүнөн улам жүргөн, ал эми контрактык баалар 24,8 пайызга өскөн. Ошондой эле, жашылчаларды жана жемиштерди берүүлөр да (2,0 пайызга же 1,1 млн. АКШ долларына) кыскарган, бул физикалык көлөмдүн 2,8 пайызга көбөйүүсүндө экспорттук баалардын 4,6 пайызга төмөндөөсүнөн улам келип чыккан.

Азык-түлүктөн башка товарлар түзүмүндө көбүрөөк кыскаруу кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдарга (30,3 пайызга же 47,5 млн. АКШ долларына төмөндөгөн) туура келген. Мындан тышкары, баалуу металлдардан жасалган зер буюмдардын (52,0 пайызга же 1,7 млн. АКШ долларына) жана мурда колдонууда болгон жеңил автоунаалардын (23,4 пайызга же 1,3 млн. АКШ долларына) экспортунун да төмөндөөсү белгиленген. Ушуну менен катар эле, ысытуу лампаларын ташып чыгаруу 7,0 пайызга же 1,5 млн. АКШ долларына көбөйгөн.

Товарлардын ФОБ баасында импорту[2] отчеттук мезгилде 12,0 пайызга өсүү менен 5 563,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Импорттун өсүшүнүн негизги көлөмү, негизинен,

[1] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

[2] СИФ импорту 6 015,2 млн. АКШ долл., соода балансынын СИФ баасында тартыштыгы – 3 906,9 млн. АКШ долл. түзгөн.

ташылып келинген мунай заттарынын көлөмүнүн өсүшү менен камсыз болгон, алардын импорту 16,5 пайызга же 168,3 млн. АКШ долларына (баалардын 3,9 пайызга төмөндөөсүндө берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 20,8 пайызга өсүшүнүн эсебинен) көбөйгөн. Ташылып келинүүчү товарлардын көлөмүнүн өсүшүнө негизги салымды чоюндан, болоттон жана алюминийден жасалган конструкциялар, чоюн жана болот, мурда колдонууда болгон жеңил автоунаалар, жеңил автоунаалар жана эл ташуу үчүн каралган транспорт каражаттары, электр трансформаторлору ж.б. кошушкан. Мында, жүк ташуу үчүн каралган автоунааларды жана атайын багытка каралган автоунааларды, кофени, чайды жана какаону, кийим-кече жана ага тиешелүүлөрдү, жаратылыш газын, бут кийимди, жана башка органикалык эмес химиялык заттарды ж.б. ташып келүүлөрдүн кыскаруусу байкалган.

Импорттун функционалдык түзүмүндө[1] кароого алынып жаткан мезгил ичинде товарларлын бардык топторунун нарктык көлөмүнүн көбөйүүсү байкалган. Ошондой болсо да, азык-түлүк товарлар тобунун жана чийки заттардын салыштырма салмагы башка топтордун импорт көлөмүнүн өсүш арымынын артышынын натыйжасында бир аз төмөндөгөн.

Отчеттук мезгил ичинде керектөө багытындагы товарлар импортунун көлөмү 2 000,1 млн. АКШ долларына (өсүш 6,0 пайызга) жеткен. Өсүш азык-түлүк жана азык-түлүктөн башка товарларды берүүлөрдүн, тиешелүүлүгүнө жараша 9,1 жана 4,5 пайызга көбөйүшү менен камсыз болгон.

Азык-түлүк товарлар түзүмүндө физикалык көлөмдүн 29,9 пайызга жана орточо контрактык баалардын 22,4 пайызга көбөйүүсүнөн улам, жемиштерди жана жаңгактарды берүүлөрдүн 59,0 пайызга (же 13,4 млн. АКШ долларына) өсүшү байкалган. Физикалык көлөмдүн 23,3 пайызга жана импорттук баалардын 16,1 пайызга өсүшүнүн натыйжасында буудай унун жана таруунун ташып келүү көлөмү өскөн (өсүш 43,2 пайыз же 13,3 млн. АКШ доллары чегинде катталган). Ушуну менен катар эле, импорттук баалардын 11,8 пайызга жана ташып келүүнүн физикалык көлөмүнүн 10,5 пайызга төмөндөөсү кофе, чай жана какао импортунун нарктык көлөмүнүн 21,0 пайызга (16,6 млн. АКШ долларына) төмөндөөсүн шарттаган. Мындан тышкары, кант импортунун көлөмү да (11,2 пайызга же 7,3 млн. АКШ долларына) төмөндөгөн, ал импорттук баалардын 9,0 пайызга жана физикалык көлөмүнүн 2,4 пайызга төмөндөөсүнө шартталган.

Азык-түлүктөн башка товарлар түзүмүндө мурда колдонууда болгон жеңил автоунаалардын импорту (8,4 пайызга же 32,1 млн. АКШ долларына) өскөн, бул баалардын 20,8 пайызга төмөндөөсүнүн алкагында, физикалык көлөмдүн 36,9 пайызга көбөйүүсү менен камсыз болгон. Баалардын 9,2 пайызга жана физикалык көлөмдүн 5,9 пайызга өсүшүнүн эсебинен эфир майлары жана парфюм каражаттары 15,6 пайызга (же 13,8 млн. АКШ долларына) көбүрөөк алынып келинген. Ошону менен бирге эле, кийим-кече жана ага тиешелүүлөрдүн (8,8 пайызга же 20,8 млн. АКШ долларына) жана бут кийимдин (15,6 пайызга же 12,7 млн. АКШ долларына) импортунун көлөмү олуттуу кыскарган.


## 1.4. Алмашуу курсу

2013-жылдын январь-декабрь айларында алмашуу курсу 1 АКШ доллары үчүн 47,4012 сомдон 49,2470 сомго чейин жогорулаган. Курс максималдуу чегине декабрь айында жеткен,

[1] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

мында валюта рыногунун негизги көрсөткүчү жыл башынан бери 3,9 пайызга көбөйүү менен 1 АКШ доллары үчүн 49,2470 сомду түзгөн. АКШ долларынын курсунун жогорулашы, негизинен, коммерциялык банктар тарабынан чет өлкө валютасына карата суроо-талаптын өсүшүнө байланыштуу болгон, ал сезондук факторлорго жана валюта рыногунда чет өлкө валютасынын сунушунун төмөндөөсүнө шартталган. Мындан тышкары, импорттолуучу продукцияларга, айрыкча КММга, автого, металлга жана эл керектөөсүндөгү башка товарларга төлөө зарылчылыгы экинчи себеп болуп саналган. Ички рынокто чет өлкө валютасын сунуштоонун негизги көлөмү, мурдагыдай эле, экспорттон түшкөн акчанын жана эмгек мигранттардын акчалай которууларынын эсебинен калыптанган. Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча отчеттук жылдын январь-декабрь айларында акча каражаттарынын чет өлкөлөрдөн агылып келиши 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 12,4 пайызга көбөйгөн.

**1.4.1-сүрөт. Доллар курсунун акча которуулардын агылып кирүүсүнөн көз карандылыгы**





Кароого алынып жаткан мезгил ичинде валюта рыногунда орун алган салыштырмалуу туруктуулук Улуттук банкка акча-кредиттик жөнгө салуунун белгиленген милдеттерине ылайык валюта рыногуна катышуусун минималдаштыруу саясатын улантууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Бүтүндөй алганда 2013-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан АКШ долларын таза сатуу өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 65,9 пайызга төмөндөө менен 14,7 млн. АКШ доллары чегинде катталган.



МАЗМУНУ

**1.4.2-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун ай сайын өзгөрүү арымдары**



# 2 -глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр


## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына талдап-иликтөөлөр

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча инфляция көрсөткүчү 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча (2013-жылдын декабры 2012-жылдын декабрына карата) 4,0 пайыз түзсө, инфляциянын орточо жылдык мааниси 6,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Отчеттук жылы баалардын жалпы деңгээлинин динамикасы негизги азык-түлүк товарларына (дан эгиндерине, май алынуучу өсүмдүктөргө, кантка) дүйнөлүк баанын төмөндөөсүнүн алкагында түптөлгөн. Кыргызстанда жана негизги соода өнөктөш болгон өлкөлөрдө тышкы сооданын ыңгайлуу шартта болушу, негизги айыл-чарба өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алынышы, эмгек акынын орточо өсүш арымы өлкөдөгү инфляция деңгээлине алгылыктуу таасирин тийгизди. Ошентип, жыл жыйынтыгы боюнча инфляция Улуттук банк тарабынан билдирилген бир маанилүү маанилердин чегинде түптөлгөн.

Азык-түлүк товарларына баа 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча 1,8 пайызга өскөн, алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки 7,3 пайызга кымбаттаса, азык-түлүктөн башка товарлардын баасы 6,3 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр 4,3 пайызга өскөн.

**2.1.1-сүрөт. Жылдык керектөө баа индексинин түзүмүнүн динамикасы**




## 2.2. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы

2013-жылы азык-түлүк бааларынын өсүш арымынын олуттуу басаңдашы белгиленген. Азык-түлүк товарлары жыл жыйынтыгы боюнча 1,8 пайызга кымбаттаган. Нан азыктарына жана акшакка, азык-түлүк товарлары түзүмүндө кыйла салыштырма салмак туура келген топко баа жыл жыйынтыгы боюнча 0,8 пайызга, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 3,4 пайызга төмөндөгөн. Аймакта дан эгиндеринен рекорддук түшүм алынышы жана андан


кийин Казакстанда экспорттук баалардын 34,6 пайызга төмөндөөсү нан азыктарына карата баа динамикасына негизги таасирин тийгизген.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде мөмө-жемиш продукциясына баалардын ар багыттуу динамикасы байкалган, анын ичинде жемиштер 25,2 пайызга кымбаттаса, ал эми жашылчалар 6,7 пайызга арзандаган. Жалпысынан алганда, мөмө-жемиш продукциясына баа индексинин өсүшү 2,0 пайызды түзгөн.

Бул продукцияларды Кыргызстанга негизги импортоочулардан болушкан, Россия менен Украинада, май алынуучу өсүмдүктөрдөн мол түшүм алынышы өсүмдүк майларына ички баалардын төмөндөөсүнө өбөлгө түзгөн. “Май жана тоң майлар” товардык тобу жылдык мааниде 2,2 пайызга төмөндөгөн.

Сүт азыктарына баа индекси жылдык мааниде 6,6 пайызга өскөн.

**2.2.1-сүрөт. Азык-түлүккө баанын жылдык керектөө баа индексине салымынын динамикасы**




Азык-түлүк товарларына ички баалардын дүйнөлүк баа динамикасынан өтө эле көз карандылыгы көбүнчө, Кыргызстан экономикасынын азык-түлүк импортуна жогору көз каранды болушуна шартталган. Алсак, Кыргыз Республикасынын УСКсынын маалыматтары боюнча отчеттук жылдын январь-сентябрь айларында нан азыктарын керектөө түзүмүндө импорт үлүшү 49,7 пайыз чегинде катталса, керектөөдө өсүмдүк майларынын импорту 64,3 пайызды түзгөн, ал эми кантты керектөө 96,7 пайыз импорт менен камсыз кылынган.


## 2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индекси отчеттук жылы олуттуу басаңдоону көрсөткөн. Декабрда индекстин өсүшү жылдык мааниде жыл башындагы 8,8 пайызга салыштырганда 6,3 пайызды түзгөн. Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин мааниси жыл жыйынтыгы боюнча 2007-жылдын июлунан бери алганда эң минималдуу болгон.

Баалардын олуттуу өсүшү “кийим жана бут кийим” товарлар тобунда жүргөн, анын баасы 13,6 пайызга өскөн. Үй тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасынын баасы

6,2 пайызга жогорулаган. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 0,1 пайызга көбөйгөн, анын ичинде бензинге баа өзгөргөн эмес, ал эми дизель отунуна баа 1,0 пайызга өскөн.


**2.3.1-сүрөт. Азык-түлүктөн башка баанын жылдык керектөө баа индексине салымынын динамикасы**




## 2.4. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

Акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси жылдык мааниде 4,3 пайызга (2012 -жылы – 9,8 пайызга) көбөйгөн. Бул топ боюнча индекстин өсүшү, негизинен, тойканалардын жана мейманканалардын кызматтарынын 3,9 пайызга, билим берүү кызматтарынын (+6,1 пайызга) жана транспорттук кызматтардын (+2,1 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Ал эми саламаттыкты сактоо кызматы 10,6 пайызга кымбаттаган.

**2.4.1-сүрөт. Кызмат көрсөтүүлөргө баанын керектөө баа индексинин жылдык мааниде салымынын динамикасы**




МАЗМУНУ

## 2.5. Аймактарда керектөө баа динамикасы


Өтүп жаткан жылдын башталышынан тартып, республиканын бардык облустарында керектөө бааларынын индексинин көбөйүүсү байкалган. Индекс жылдык мааниде 1,9-5,8 пайыз чегинде өзгөрүп турган. Баалардын кыйла өсүшү Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустарында көбүнчө, азык-түлүктөн башка товарлардын, алкоголдук ичимдиктердин жана тамеки заттарынын кымбатташынын эсебинен белгиленген.

**2.5.1-таблица. Аймактарда керектөө баа динамикасы**
*(пайыздар)*

| | 2013-ж. декабрь | |
|---|---|---|
| | **2012-ж. декабры** | **2013-ж. ноябры** |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **104,0** | **101,1** |
| Баткен облусу | 102,8 | 101,5 |
| Жалал-Абат облусу | 104,5 | 101,0 |
| Ысык-Көл облусу | 102,5 | 101,9 |
| Нарын облусу | 101,9 | 101,4 |
| Ош облусу | 105,8 | 101,9 |
| Талас облусу | 104,4 | 102,1 |
| Чүй облусу | 105,8 | 101,7 |
| Бишкек шаары | 103,5 | 100,8 |

Бишкек шаарында керектөө баалары жылдык мааниде 3,5 пайызга өскөн, мында тамак-аш азыктары 1,2 пайызга кымбаттаса, алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баасы 7,3 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлардыкы – 6,5 пайызга жана акы төлөнүүчү кызматтардыкы 2,2 пайызга өскөн.

**2.5.1-сүрөт. Жылдык инфляциянын аймактык түзүмү**
*(пайыздар)*





МАЗМУНУ

## 2.6. Базалык инфляция

Базалык инфляциянын Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин ыкмасы боюнча эсептелген жылдык мааниси жылдын жыйынтыгы боюнча 5,3 пайызды түзгөн, ал эми керектөө куржуну боюнча инфляция 4,0 пайыз. Мында базалык инфляция 4 көрсөткүчүнүн графикалык чагылдырылышы (мында азык-түлүк товарлары, электрэнергиясын, газды жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат) республикадагы азык-түлүк рыногунда түптөлгөн жагдайлар керектөө баа динамикасын аныктоочу болуп санала тургандыгын белгилеп кетүү зарыл. Базалык инфляция 4 көрсөткүчү туруктуу динамикага жана маанилердин анча чоң эмес дисперсиясына ээ.

**2.6.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептешүү көрсөткүчүнүн жылдык маанидеги динамикасы**




Базалык инфляция 1– товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана акшак 2) май жана тоң майлар 3) жашылчалар жана жемиштер; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 2 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт 2) жашылчалар жана жемиштер 3) газ; 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 3 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана акшак 2) сүт азыктары 3) жашылчалар жана жемиштер; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 4 – азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

УСКнын Базалык инфляциясы – мында сүт, кант, жашылча-жемиштин жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун кызматтары, байланыш жана башкалар алынып салынат.



МАЗМУНУ

# 3-глава. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторундагы түптөлгөн жагдайлар боюнча баяндама

## 3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторуна баяндама


Жалпысынан азык-түлүк рыноктору 2013-жылы салыштырмалуу бир калыпта болгон. Азык-түлүк рынокторунун 2013-2014-жылдарда мол түшүм менен канығуусу рыноктордо суроо-талап менен сунушту тең салмактоого, анын натыйжасында орточо баа туруктуулугун сактап калууга өбөлгө түзгөн.

2013-жылдын төртүнчү чейрегинде айрым товардык бирдиктерге баалардын бир аз өзгөрүүсү байкалган. Октябрь айында эң биринчи жолу ФАО азык-түлүк баа индексинин апрелден тартып өсүшү белгиленген, ал көбүнчө, кантка жана күн карама майына карата баалардын кескин өсүшүнөн улам келип чыккан. Ошондой болсо да, баалардын өсүшү убактылуу болгон, андан кийин фьючерстик баалардын акырындап төмөндөөсү жүргөн.

Жалпысынан алганда, 2013-2014-жылдарда дан эгиндеринен рекорддук мол түшүм алынышы дүйнөдө сунуш боюнча жагдайды жакшыртууга, натыйжада, буудайды, жүгөрүнү жана күрүчтү кошо алганда, дан эгиндерине дүйнөлүк баанын төмөндөшүнө өбөлгө түзгөн. Май өсүмдүктөрүнүн жана канттын запасынын көбүрөөк топтолушу да бул товарларга баанын төмөндөөсүн шарттаган.

ФАО азык-түлүк баа индексинин орточо мааниси 209,9 пунктту түзгөн, бул өткөн жылдагы көрсөткүчтөн 1,6 пунктка төмөн.

**3.1.1-сүрөт. 2012-2013-жылдарда азык-түлүк товарларына баа динамикасы**
*(тоннасына АКШ доллары)*




*Булак: «Reuters» маалыматтык агенттиги*

Дан боюнча эл аралык кеңештин болжолдоосу боюнча 2014-15-маркетинг жылдары 2013-жылдагы рекорддук түшүмдөн кийин дан эгиндерин дүйнөлүк өндүрүүнүн бир аз төмөндөөсү күтүлүүдө. Мындан ары өндүрүүнүн бара-бара көбөйүүсү болжолдонууда – орточо жылдык өсүш 2015-2019-жылдары 1,6 пайызга жакынды түзөт. IGC баа берүүлөрү боюнча айдоо аянттары кеңейтилет, мында өндүрүүнүн көбөйүүсү, негизинен, дан эгиндерин


негизги экспорттоочу өлкөлөрдө (КМШ өлкөлөрү жана Бразилия) өндүрүмдүүлүктүн өсүшү менен шартталган.

## 3.2. Дүйнөлүк энергопродукциялар рыногундагы жагдай боюнча баяндама

Буга чейинки баяндамаларда белгиленгендей эле, дүйнөлүк энергопродукциялар рыногу өзгөрүлмөлүү бойдон калууда. 2013-жылы да, дүйнөлүк экономикадагы жагдайга көз каранды болгон, дүйнөлүк энергопродукциялар рыногу жалпысынан өзгөрүлмөлүүлүктү көрсөткөн, мында 2013- жылдын акырына карата баа жыл башындагы баа диапазонуна кайтып барган. Негизинен, байкоого алынып жаткан мезгил ичинде дүйнөлүк мунай рыногунда түптөлгөн жагдайга төмөнкүлөр таасирин тийгизген: мунайды импорттоочу жана экспорттоочу негизги өлкөлөрдөгү саясий-экономикалык жагдай жана табигый шарттар, АКШдагы, Кытайдагы жана Евроаймактагы макростатистика боюнча жаңылыктар, Жакынкы Чыгышта түптөлгөн жагдай.

2013-жылы мунайдын негизги сортторуна баа (Urals, Brent, WTI) баррель үчүн 86,7 – 120,1 АКШ доллары диапазонунда өзгөрүп турган. Мында, «Brent» маркасындагы мунайга орточо баа кароого алынып жаткан мезгил ичинде 109,6 АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн, бул 2012-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 2,6 пайызга (112,5 АКШ доллары) төмөн, мында WTI маркасындагы мунайдын орточо баасы 4,2 пайызга же 4,0 АКШ долларына көбөйүү менен баррель үчүн 98,0 АКШ долларын түзгөн.

**3.2.1-сүрөт. 2013-жылы мунайга баа динамикасы**




*Булак: «Reuters» маалыматтык агенттиги*

Эл аралык агенттиктердин болжолдоолоруна ылайык 2014-жылы мунайды суткалык керектөөнүн көбөйүүсү күтүлүүдө. Алсак, Эл аралык энергетика агенттигинин баяндамасында мунайга дүйнөлүк суроо-талаптын буга чейинки күнүнө 92,1 млн. баррель болжолдоого салыштырганда, 2014-жылы күнүнө 92,5 млн. баррелге чейин, башкача айтканда 0,4 пайызга чейин көбөйүүсү белгиленген. Күтүлүп жаткан алгылыктуу динамика өнөр жай өндүрүшүнүн көбөйүүсү, анын натыйжасында Экономикалык кызматташтык



МАЗМУНУ

жана өнүктүрүү уюмуна (ОЭСР) кирген көпчүлүк өлкөлөрдүн экономикалык өсүшүнүн калыбына келиши менен түшүндүрүлөт. Рынок аналитиктери мындан ары да Кытай тарабынан мунайды пайдалануу көлөмүнүн арттырылышын, ал эми АКШ тарабынан өлкө экономикасынын калыбына келишин күтүүлөрдү эске алганда, мунайды керектөөнү көбөйтүүнүн улантылышын болжолдошууда.

Сезондук факторлорго жана сунуштоочу өлкөнүн мунайды кайра иштетүүчү заводдорунда баанын жогорулагандыгына байланыштуу, үчүнчү чейректе КММга баанын өсүшүнүн байкалгандыгын эске алганда, Кыргызстандын мунай зат рыногунда жалпысынан 2013-жылы түптөлгөн жагдай орточо туруктуу болгон.

# 4-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты боюнча чечимдери

## 4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын төртүнчү чейрегинде акча-кредит саясаты боюнча кабыл алган негизги чечимдеринин тизмеги төмөндө келтирилген:

1. 2013-жылдын 27-ноябрында Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:

– Кайра каржылоо максаттары үчүн кредиттик аукциондорду жүргүзүү тартибин регламенттөө жана өркүндөтүү максатында "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттары үчүн кредиттик аукциондорду жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобонун (мындан ары-Жобо) жаңы редакциясы (№45/15 токтом менен). Жобонун жаңы редакциясында төмөнкүлөр каралган: (1) банктар тарабынан кредиттик аукциондор аркылуу алынган кредиттик ресурстардын пролонгациясын 1ден 3 кө чейин көбөйтүү; (2) банктар тарабынан кредиттик ресурстарды өздөштүрүү мөөнөтүн 10 дон 30 күнгө чейин узартуу (кредит алынган күндөн тартып); (3) кредиттик аукциондордун алкагында алынган кредиттик каражаттарды банктардын юридикалык жактарга жана жеке адамдарга буга чейин берилген кредиттерди рефинансылоого пайдалануу мүмкүнчүлүгү; (4) пайыздык чен боюнча чектөөлөр - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аукцион жүргүзүлгөн учурга карата субсидиялоо боюнча колдонуудагы атайын программасынын жоктугу шартында, банктар тарабынан кайра каржылоо кредитинин эсебинен берилген кредиттер боюнча номиналдык жылдык пайыздык чен, банктардын Улуттук банктан алган кредиттик каражаттары боюнча пайыздык ченден 10 пайыздык пункттан ашпоого тийиш.

  Кайра каржылоо кредити Улуттук банк тарабынан 2012-жылдын акырында банк тутумун ликвиддүүлүк менен камсыз кылуу боюнча инструменттер спектрин көбөйтүү максатында жайылтылган жана пролонгациялоо мүмкүнчүлүгү менен 3 айдан 6 айга чейинки мөөнөт каралган.

– Улуттук банк тарабынан чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курстарынын жана аларды жарыялоо эрежелеринин аныкталышы тартибин регламенттөө максатында, Банк Башкармасынын 2013-жылдын 28-мартындагы №10/15 токтому менен бекитилген "Чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна расмий курстарын аныктоо эрежелери" ( Банк Башкармасынын №45/14 токтому).

2. Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2013-жылдын 4-декабрында төмөнкү документтер кароого алынган жана:

– акча-кредит чөйрөсүндөгү күндөлүк жагдайга баа берүү жана экономиканын өнүгүүсүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында, 2013-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет кабыл алынган. Башкарма тарабынан келээрки мезгилге каралган акча-кредит программасы жактырылган, анда кыска мөөнөттүү мезгил ичинде акча-кредит саясатынын негизги багыттары, ошондой эле аны ишке ашыруунун индикативдик параметрлери аныкталат.

  2013-жылдын январь-сентябрь айларындагы акча-кредит саясат жөнүндө отчет

МАЗМУНУ

маалымат тартибинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Президенттин Аппаратына, Өкмөттүн Аппаратына, Финансы министрлигине жана Экономика министрлигине жөнөтүлүп, Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланган.

– “2014-2017-жылдарга каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттары” документи жактырылган (№48/2 токтом менен), анда күндөлүк экономикалык жагдайга иликтөөлөрдүн жана экономиканын негизги секторлорунун өнүгүүсүн болжолдоолордун негизинде, орто мөөнөттүү келечекке каралган акча-кредит саясатынын максаттары жана милдеттери аныкталган. Аталган документте каралган, акча-кредит саясаты жагындагы стратегиялык чаралар жана милдеттер Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын жоболорун ишке ашырууга өбөлгө түзөт.

  Документ маалымат катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Президенттин Аппаратына, Өкмөттүн Аппаратына жөнөтүлүп, Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланган.

– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2014-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүнүн тексти жактырылган (№48/4 токтом менен), анда акча-кредит саясатынын сандык критерийи көрсөтүлгөн (инфляция деңгээли) жана Улуттук банктын негизги иш багыттары чагылдырылган.

  Документ Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2014-жылга экономикалык саясаттын негизги багыттары жөнүндө Биргелешкен Билдирүүсүн даярдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына жана Экономика министрлигине жөнөтүлгөн.

3. Улуттук банк Башкармасы 2013-жылдын 20-декабрында:

– Улуттук банктын эсептик ченинин өлчөмүн аныктоо механизмин 2014-жылдын 1-мартынан тартып өзгөртүү тууралуу чечим кабыл алган (№51/9 токтом менен). Улуттук банктын эсептик ченинин өлчөмү экономикалык жагдайды иликтөөлөрдүн жана болжолдоолордун негизинде Улуттук банк Башкармасынын өзүнчө чечимдери менен үзгүлтүксүз негизде аныкталып турат, мында орто мөөнөттүү мезгилдеинфляциянын деңгээлин болжолдоо негизги багыт болуп эсептелет. Учурда эсептик чендин өлчөмү Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча акыркы 4 аукциондо Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточолонгон маанисине теңештирилген. Эсептик чендин өлчөмүн калыптандыруу механизминин өзгөрүүсү 2014-жылы Улуттук банктын акча-кредит саясатынын жаңы негиздерине – акча топтомдорун тергетирлөө режиминен пайыздык ченди таргетирлөө режимине өтүшүнө байланыштуу болгон.

– Коомчулукка жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты тууралуу маалымдоо системасын өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын регламентине толуктоолор киргизилген (№51/10 токтом менен). Киргизилген толуктоолорго ылайык, талкуулардын жыйынтыгы боюнча пресс-релиздер Башкарма тарабынан акча-кредит саясаты тууралуу маселелер каралгандан кийинки эки жумуш күнү ичинде Улуттук банктын расмий веб-сайтына жарыялануу га тийиш.

*2014-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы акча-кредит саясатынын жаңы негизине өтөт, мында, акча базасынын жана акча массасынын көлөмү эмес, пайыздык чендин деңгээли Улуттук банк үчүн багыт болуп саналат. Акча-кредит саясатынын жаңы негизи орто мөөнөткө каралган мезгилде рынок чендерине түздөн-түз таасирин тийгизүү менен акча-кредит саясатынын трансмиссиялык механизминин пайыздык каналынын ишин күчөтүүгө жана экономикада Улуттук банктын эсептик ченинин ролун жогорулатууга өбөлгө түзөт. Негизги пайыздык чен катары, эсептик чен рынокко акча-кредит саясатынын багыттары тууралуу белги берип турат. Мында Улуттук банктын акча-кредит саясатынын максаты мурдагыдай эле – баа туруктуулугуна жетишүү жана колдоо бойдон калат.*

*Акча-кредит саясатынын жаңы негиздерине өтүү боюнча иштердин алкагында, Улуттук банк тарабынан эсептик чендин аныктоо механизми өзгөртүлгөн. 2014-жылдын март айынан тартып эсептик чен өлчөмү экономикалык жагдайга баа берүүлөрдүн, тенденциялардын жана болжолдоолордун негизинде Улуттук банк Башкармасынын чечимдери менен аныкталат. Бул үчүн Улуттук банкта экономикалык саясатты макроэкономикалык болжолдоо жана иликтөө системасы жайылтылат.*

*2013-жылы Улуттук банк тарабынан акча-кредит саясатынын инструменттерин өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлгөн. 2014-жылы жаңы инструменттерди - «овернайт» депозитин жана 7 күндүк кредитти жайылтуу пландаштырылууда.*

*Эсептик чен айланасында “коридор” түзүлүп, “төмөнкү деңгээл” «овернайт» депозиттери боюнча чenди, ал эми «жогорку деңгээл» – «овернайт» кредиттери боюнча чenди аныктайт.*

*Акча-кредит саясаты маселелери боюнча ачык-айкындуулукту жана коомчулуктун маалыматтуулугун камсыз кылуу максатында, Улуттук банктын коммуникациялык саясаты күчөтүлөт. Улуттук банк Башкармасынын акча-кредит саясаты маселелери, анын ичинде эсептик чен өлчөмү жөнүндө отурумунан кийин, талкуулардын жыйынтыктарынын пресс-релиздери чыгарылат.*

4. 2013-жылдын 23-декабрында Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмүнө тиешелүү маселелер боюнча 2014-жылга отурумдар графиги (мындан ары - График) жактырылган. Акча-кредит саясатынын жаңы негизине өтүү боюнча иштердин алкагында жүргүзүлгөн, акча-кредит саясаты маселелери жагында коомчулукка маалымдоо максатында, График Улуттук банктын расмий веб-сайтынын “Акча-кредит саясаты” бөлүгүнүн “Улуттук банк Башкармасынын акча-кредит саясаты маселелери боюнча отурумдарынын графиги” бөлүкчөсүндө жайгаштырылган.

## 4.2. Акча-кредит саясатын жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары – КДКР) акча-кредит чөйрөсү боюнча оперативдүү чечимдерди иштеп чыгып, кабыл алат. КДКР акча рыногунда калыптанган жагдайларга баа берүүнүн негизинде чечимдерди жума сайын кабыл алып турат. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү Улуттук банк Башкармасы аныктаган жана 2013-2015-жылдарга акча-кредит саясатынын

негизги багыттарында, келерки мезгилге акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн максаттарга жана милдеттерге жараша, банк тутумунда жана салык-бюджет чөйрөсүндө орун алган жагдайларды эске алуу менен КДКР тарабынан аныкталат.

2013-жылдын 4-чейрегинде КДКРдин 15 отуруму өткөрүлгөн. Алмашуу курсунун туруктуулугу маселелери Комитет тарабынан туруктуу негизде каралып турган. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу, Улуттук банктын ноталарынын жумалык аукциондорун өткөрүп туруу аркылуу жүзөгө ашырылган. Үстөк ликвиддүүлүктү кошумча алып салуу максатында МБКларды кайтарым репо шарттарында сатуу боюнча операциялар жүргүзүлгөн. Валюта рыногунда салыштырмалуу туруктуу жагдай түптөлгөндүктөн, Улуттук банк банктар аралык валюта рыногунда валюта интервенцияларын жүргүзгөн эмес.

2012-жылдын акырында Улуттук банк кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында, кредиттик аукциондорду өткөрүү аркылуу банк тутумун ликвиддүлүк менен камсыз кылуу жагында акча-кредит саясатынын инструменттеринин чөйрөсүн кеңейткен. Бул инструмент банктарга ликвиддүүлүктү колдоого жана экономиканы кредиттөө мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн. Отчеттук жылдын 4-чейрегинде сунуштун 600,0 млн. сом жалпы көлөмүндө 3 кредиттик аукцион жарыяланган. Бардык жарыяланган аукциондор өткөрүлгөн, алардын алкагында 195,1 млн. сом суммасында кайра каржылоо кредиттери берилген.

МАЗМУНУ

# 5-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор


## 5.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасын болжолдоолор

2013-жыл ичинде экономиканын реалдуу өсүшү, 1-главада белгиленгендей эле, 2012-жылы 0,1 пайызга төмөндөөсүнө салыштырганда 10,5 пайызды түзгөн. «Кумтөр» алтын кен иштеп чыгуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨ өсүшү 5,8 пайыз чегинде катталган. Өтүп жаткан жылы олуттуу өсүш "Кумтөр" алтын-кен казып алуу ишканасында алтын казып алуу боюнча иштердин калыбына келиши, курулуштун жигердениши, айыл-чарба жагында мол түшүмдүн алынышы жана 2012-жылдагы төмөн база менен шартталган.

2014-жылы экономиканын күтүлүп жаткан өсүшү жогорку базаны, экономиканын өз потенциалдуу деңгээлине кайтып келишин эске алуу менен болжолдонгон. Экономиканы өнүктүрүү болжолдоолору төмөнкүдөй болжолдуу факторлорду эске алуу менен иштелип чыккан: ишкер жигердүүлүктүн утурумдук деңгээлде сакталып турушу, "Кумтөр" алтын кен казып алуу ишканаларында иштин 2013-жылдагы (550-600 миң унция[1]) деңгээлинде улантылышы, курулуштун өсүш арымынын күндөлүк деңгээлде сактылышы жана кызмат көрсөтүү секторунун мурдагыдай эле алгылыктуу салымын. Жогоруда аталган факторлор менен катар эле, болжолдоодо кургакчылык мезгилинин орун алышы фактору да эске алынган, ал айыл-чарбанын орточо өсүш арымына таасирин тийгизиши мүмкүн.

Ошентип, жыл жыйынтыгы боюнча экономиканын алгылыктуу өсүшү 4,4 пайыз, ал эми дефлятор 7,0 пайыз деңгээлинде болжолдонгон.

**5.1.1-сүрөтү. ИДӨ өсүшүн болжолдоо**
*(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан бери мезгили, пайыздарда)*




[1] **Centerra Gold Inc. Компаниясынын билдирүүсүнө** ылайык алдын-ала эсептөөлөр боюнча «Кумтөр» алтын-кен ишканасында өндүрүштүн көлөмү 2014-жылы 550 – 600 миң унция (17,1 – 18,7 т) алтынды түзөт. Мында, өткөн жылдагыдай эле, жалпы көлөмүнүн 50% көбүрөөгү 2014-жылдын акыркы чейрегинде, SB аймагында алтын көбүрөөк камтылган участок аныкталган шартта өндүрүлөт.


Ушуну менен катар эле, экономикалык өсүштүн солгундоо тобокелдиги сакталып турууда. “Кумтөр” алтын-кен казып алуу ишканаларында алтын иштетүүнүн болжолдонгон көрсөткүчүнө жетүү, пландаштырылган инвестициялык долбоорлорду баштоо, көбүнчө, өсүштүн жыйынтыктоочу маанилерин аныктайт. Ошону менен бирге эле, негизги соода өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасы тарабынан суроо-талаптын таасирлерге дуушарлануусу, тышкы соода шарттарынын өзгөрүүсү жана Россияда экономикалык өсүштүн акырындап калыбына келиши, орто мөөнөткө каралган мезгилде экономиканын соода жүргүзүлүүчү секторлорунун өнүгүүсүн жана төлөөгө жөндөмдүү калктын суроо-талабынын арымын төмөндөтүшү мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн болжолдоолоруна ылайык Кыргызстанда ИДӨ өсүшү ИДӨ дефлятору 6,8 пайыз деңгээлинде турган шартта, 6,9 пайызды түзөт. ИДӨнүн номиналдык көлөмү 401,0 млрд. сом деңгээлинде күтүлөт.

2014-жылдын жыйынтыгы боюнча ИДӨ ажырымынын алгылыктуу динамикасынын уланышы күтүлүүдө, бул Кыргызстан экономикасында өндүрүштүк кубаттуулуктар өз мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде ишке тартылаарын көрсөтүп турат. Мында, орто мөөнөткө каралган мезгил ичинде ИДӨнүн алгылыктуу багыттагы ажырымынын орун алышы экономикада инфляциялык процесстердин күчөшүнө түрткү бериши мүмкүн.

**5.1.2-сүрөтү. ИДӨ ажырымын болжолдоо**

*(өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан бери мезгил)*




## 5.2. 2014-жылга инфляцияны болжолдоо


2014-жылы азык-түлүк товарларына баалардын орточо өсүшүндө, калктын топтолгон инфляциялык күтүүлөрүнүн төмөндөөсүндө жана суроо-талап менен сунушка кандайдыр бир тышкы жана ички таасирлердин жоктугунда инфляцияны консенсус болжолдоо 7 пайызды түзөт.

Күздүк эгин боюнча оптимисттик болжолдоолор, ошондой эле негизги азык-түлүк товарларынан 2013-жылдын күз айларында дүйнөлүк мол түшүм алынышы 2014-жылдын биринчи жарым жылдыгында азык-түлүк товарларына таасирлердин жоктугун болжолдоого

өбөлгө түзөт. Мында 2014-15-жылдары дан эгиндерин дүйнөлүк өндүрүүнүн бир аз төмөндөөсү болжолдонууда, бул өтүп жаткан жылдын экинчи чейрегинде фьючерстик баалардын жогорулашын шартташы мүмкүн. Мындан тышкары, кийинки маркетинг сезонунда кантка карата баа рыноктун продукция менен ашыра каныккандыгынан улам, дүйнөлүк өндүрүүнүн кыскарышы болжолдонушунун алкагында 2013-14-жылдары баанын бир аз жогору болушу күтүлүүдө. Мындай факторлор азык-түлүк инфляциясына сунуш жагында терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

2014-жылы айыл-чарба продукцияларынын баасына таасирин тийгизүүчү негизги факторлор болуп, биоотунду өндүрүү үчүн чийки затка суроо-талаптын кыскарышы, Кытай тараптан суроо-талап жана өндүрүүчү өлкөлөрдө валюталардын алсызданышы саналат. Ошентип, 2014-жылдагы түшүмгө консервативдүү баа берүү өтүп жаткан жылдын экинчи жарым жылдыгында инфляциянын бир аз тездешине өбөлгө түзгөн.

**5.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисин болжолдоо**
*(өткөн жылдын тиешелүү айына карата айы)*





Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексин болжолдоолор 7-10-пайыз диапазонунда өзгөрүп турат. Индекстин өсүшүнө мурдагыдай эле "кийим жана бут кийим" товардык тобу олуттуу салым кошоору күтүлүүдө.

Ал эми кызмат көрсөтүүлөргө карата баа индекси боюнча, Өкмөттүн орто мөөнөттүү мезгилге пландаштырылган электрэнергияга, газга, транспорт кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтик саясатында аныксыздык дале сакталып турууда. Жалпыга маалымдоо каражаттарындагы маалымат боюнча 2014-жылдын экинчи жарым жылдыгында электрэнергия наркынын 10 пайызга жогорулашы ыктымал.

Дүйнөлүк валюта рынокторунда жана негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө АКШ доллары курсунун динамикасы Кыргызстанда айрым бир инфляциялык тобокелдиктерди жаратууда. АКШнын сандык жеңилдетүү программасынын токтотулушу көпчүлүк өлкөлөрдө улуттук валютанын алсызданышына өбөлгө түзгөн. Сомдун кескин нарксызданышында импорттук товарлардын кымбатташы керектөө рыногуна инфляциялык басым жасайт.

Ошентип, инфляция деңгээли 2014-жылы көбүнчө, тышкы факторлордун таасири астында түптөлөт.

**5.2.2-сүрөт. Инфляция боюнча болжолдоо менен фактыны салыштыруу**
*(өткөн жылдын тиешелүү айына карата айы)*



# Статистикалык тиркеме

**1-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2012-жыл | | | | | | | | | | | | 2013-жыл | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | янв. | фев. | март | апр. | май | июнь | июль | авг. | сен. | окт. | нояб. | дек. | янв. | фев. | март | апр. | май | июнь | июль | авг. | сен. | окт. | нояб. | дек. |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **100,8** | **100,1** | **100,1** | **99,8** | **100,7** | **99,6** | **100,1** | **100,9** | **101,1** | **101,9** | **100,8** | **101,5** | **100,8** | **100,4** | **99,9** | **99,9** | **100,3** | **100,1** | **99,7** | **99,9** | **100,5** | **100,4** | **100,8** | **101,1** |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,6 | 99,3 | 99,5 | 98,8 | 100,1 | 98,7 | 99,6 | 101,3 | 100,8 | 102,6 | 101,3 | 101,8 | 101,4 | 100,2 | 99,5 | 99,6 | 100,3 | 99,7 | 99,1 | 99,3 | 100,4 | 100,2 | 100,7 | 101,6 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 100,2 | 100,9 | 100,1 | 100,8 | 100,6 | 100,7 | 100,5 | 101,0 | 100,4 | 101,1 | 100,4 | 103,5 | 100,2 | 101,9 | 100,4 | 100,3 | 100,4 | 101,3 | 100,0 | 100,1 | 101,0 | 99,7 | 101,1 | 100,8 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,3 | 100,6 | 100,8 | 100,5 | 100,7 | 100,2 | 100,4 | 100,6 | 101,1 | 101,8 | 100,7 | 100,9 | 100,2 | 100,2 | 100,3 | 100,2 | 100,5 | 100,5 | 100,4 | 100,6 | 100,6 | 100,9 | 101,0 | 100,7 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,7 | 100,6 | 100,2 | 100,6 | 102,6 | 100,2 | 100,8 | 100,4 | 102,2 | 100,6 | 100,1 | 100,8 | 100,5 | 100,3 | 100,6 | 100,2 | 100,1 | 100,2 | 100,4 | 100,1 | 100,3 | 100,3 | 100,5 | 100,8 |
| **Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар** | **100,6** | **99,3** | **99,5** | **98,8** | **100,1** | **98,7** | **99,6** | **101,3** | **100,8** | **102,6** | **101,3** | **101,8** | **101,4** | **100,2** | **99,5** | **99,6** | **100,3** | **99,7** | **99,1** | **99,3** | **100,4** | **100,2** | **100,7** | **101,6** |
| Нан азыктары жана таруу | 98,2 | 98,7 | 99,3 | 99,5 | 99,0 | 99,3 | 101,9 | 107,4 | 100,7 | 104,4 | 100,6 | 100,2 | 100,1 | 100,4 | 100,0 | 99,4 | 99,5 | 99,4 | 99,3 | 100,4 | 100,7 | 99,8 | 99,9 | 100,2 |
| Эт | 101,9 | 99,9 | 98,7 | 99,4 | 99,7 | 99,3 | 99,6 | 99,9 | 99,8 | 101,3 | 99,9 | 99,5 | 99,7 | 100,0 | 100,2 | 100,6 | 101,0 | 100,5 | 100,0 | 100,9 | 102,3 | 100,7 | 99,6 | 101,8 |
| Балык | 102,2 | 100,1 | 101,1 | 102,2 | 100,8 | 99,8 | 101,4 | 101,5 | 102,9 | 104,8 | 101,5 | 100,2 | 99,9 | 100,2 | 100,1 | 100,0 | 100,1 | 99,4 | 98,3 | 100,0 | 99,3 | 100,4 | 100,9 | 101,3 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,2 | 100,3 | 99,0 | 97,3 | 96,1 | 96,3 | 96,9 | 100,0 | 106,4 | 107,3 | 102,3 | 104,5 | 101,3 | 99,3 | 98,7 | 97,7 | 97,1 | 97,6 | 99,5 | 99,7 | 104,0 | 104,4 | 102,7 | 104,8 |
| Май жана тоң майлар | 100,0 | 99,4 | 99,6 | 99,0 | 99,0 | 99,7 | 99,8 | 100,1 | 101,1 | 101,2 | 99,9 | 100,4 | 100,1 | 99,7 | 100,0 | 99,4 | 99,9 | 100,0 | 100,4 | 99,8 | 100,0 | 100,1 | 98,9 | 99,5 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 103,4 | 98,5 | 101,3 | 94,6 | 102,9 | 95,6 | 95,3 | 91,6 | 102,8 | 102,6 | 108,6 | 112,5 | 107,8 | 100,3 | 97,1 | 99,1 | 101,5 | 99,7 | 95,9 | 94,2 | 96,9 | 99,1 | 105,2 | 106,0 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 101,2 | 99,5 | 100,1 | 99,6 | 104,4 | 99,2 | 98,2 | 99,3 | 98,1 | 99,0 | 100,1 | 100,5 | 99,9 | 99,9 | 99,4 | 100,3 | 102,3 | 99,6 | 99,9 | 99,8 | 99,5 | 100,8 | 100,1 | 99,9 |
| Башка тамак-аш азыктары | 101,0 | 100,4 | 99,5 | 99,7 | 100,5 | 100,2 | 100,1 | 100,2 | 102,2 | 100,6 | 100,2 | 100,4 | 100,4 | 100,2 | 100,2 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,1 | 99,3 | 99,2 | 96,0 | 100,6 | 101,6 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,0 | 101,2 | 98,8 | 100,6 | 100,3 | 100,5 | 100,0 | 100,7 | 100,1 | 100,4 | 100,0 | 100,9 | 103,4 | 102,0 | 100,4 | 100,2 | 100,6 | 100,6 | 100,2 | 100,1 | 100,3 | 100,5 | 98,6 | 100,2 |
| **Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары** | **100,2** | **100,9** | **100,1** | **100,8** | **100,6** | **100,7** | **100,5** | **101,0** | **100,4** | **101,1** | **100,4** | **103,5** | **100,2** | **101,9** | **100,4** | **100,3** | **100,4** | **101,3** | **100,0** | **100,1** | **101,0** | **99,7** | **101,1** | **100,8** |
| Алкоголдуу ичимдиктер | 100,1 | 101,2 | 100,0 | 100,9 | 100,5 | 100,2 | 100,2 | 101,3 | 100,5 | 101,4 | 100,5 | 104,8 | 100,0 | 102,4 | 100,2 | 100,1 | 100,5 | 101,6 | 100,0 | 100,1 | 100,5 | 99,7 | 101,2 | 100,9 |
| Тамеки заттары | 100,6 | 99,9 | 100,5 | 100,4 | 100,9 | 101,9 | 101,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,8 | 100,2 | 101,1 | 100,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,5 | 103,1 | 99,9 | 100,6 | 100,2 |
| **Кийим-кече жана бут кийим** | **101,9** | **100,2** | **102,2** | **101,9** | **101,2** | **100,6** | **100,3** | **100,4** | **101,4** | **102,5** | **101,2** | **101,4** | **100,7** | **100,8** | **100,9** | **100,7** | **101,0** | **101,1** | **100,9** | **100,8** | **101,0** | **101,4** | **101,9** | **101,7** |
| **Турак жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу, электрэнергиясы, газ ж. б. отундар** | **101,2** | **100,6** | **99,2** | **98,9** | **100,1** | **99,6** | **101,0** | **100,8** | **100,3** | **102,1** | **100,5** | **100,6** | **99,5** | **99,1** | **99,4** | **100,0** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **99,9** | **100,3** | **100,1** | **100,2** |
| **Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы** | **101,0** | **101,2** | **100,5** | **100,9** | **101,2** | **100,8** | **99,9** | **100,8** | **100,9** | **101,1** | **100,6** | **100,7** | **100,4** | **100,9** | **100,9** | **100,5** | **100,2** | **99,9** | **100,2** | **100,3** | **100,2** | **100,9** | **101,5** | **100,2** |
| **Саламаттыкты сактоо** | **101,5** | **101,4** | **100,5** | **100,7** | **101,1** | **99,4** | **102,8** | **100,4** | **101,2** | **99,7** | **100,3** | **100,3** | **103,5** | **100,5** | **100,2** | **101,0** | **100,6** | **101,7** | **99,6** | **100,8** | **101,7** | **100,0** | **99,9** | **100,7** |
| **Транспорт** | **99,4** | **100,3** | **99,9** | **100,0** | **105,5** | **100,2** | **101,1** | **101,0** | **99,9** | **100,2** | **100,3** | **100,2** | **100,0** | **100,4** | **100,3** | **99,5** | **99,8** | **99,9** | **99,8** | **100,5** | **100,9** | **100,1** | **101,0** | **99,9** |
| КММ | 99,4 | 98,3 | 99,9 | 100,4 | 100,2 | 99,1 | 100,3 | 101,2 | 100,1 | 102,1 | 101,4 | 99,9 | 99,2 | 99,5 | 99,5 | 98,9 | 97,6 | 99,2 | 98,3 | 102,1 | 105,6 | 102,9 | 99,9 | 97,8 |
| **Байланыш** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,2** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,9** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| **Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият** | **100,4** | **101,1** | **101,2** | **101,2** | **98,7** | **100,1** | **100,4** | **101,8** | **101,4** | **100,5** | **100,2** | **100,9** | **100,3** | **101,3** | **100,2** | **99,9** | **100,1** | **100,0** | **100,0** | **100,6** | **100,6** | **100,1** | **100,6** | **100,5** |
| **Билим берүү** | **100,3** | **100,0** | **100,1** | **100,0** | **100,1** | **100,0** | **100,2** | **100,0** | **107,8** | **99,9** | **100,0** | **100,0** | **100,3** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,1** | **100,0** | **102,1** | **101,6** | **100,1** | **101,8** |
| **Тойканалар жана мейманканалар** | **102,9** | **102,1** | **100,5** | **100,7** | **101,7** | **100,0** | **100,7** | **100,0** | **101,8** | **102,2** | **100,0** | **102,2** | **100,4** | **100,3** | **101,0** | **100,4** | **100,2** | **100,1** | **100,8** | **100,0** | **100,0** | **100,5** | **99,8** | **100,5** |
| **Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **101,1** | **100,5** | **100,5** | **100,7** | **100,9** | **100,0** | **100,1** | **100,5** | **102,6** | **100,6** | **100,3** | **100,8** | **100,4** | **100,2** | **100,2** | **99,9** | **100,0** | **100,6** | **100,8** | **100,1** | **99,1** | **100,3** | **99,9** | **100,8** |

**2-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата, пайыздар)*

| | 2012-жыл | | | | | | | | | | | | 2013-жыл | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | янв. | фев. | март | апр. | май | июнь | июль | авг. | сен. | окт. | нояб. | дек. | янв. | фев. | март | апр. | май | июнь | июль | авг. | сен. | окт. | нояб. | дек. |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **103,8** | **102,4** | **100,2** | **99,6** | **100,6** | **99,6** | **100,0** | **102,2** | **104,4** | **106,9** | **107,0** | **107,6** | **107,6** | **107,9** | **107,8** | **107,9** | **107,5** | **108,1** | **107,7** | **106,6** | **106,0** | **104,4** | **104,4** | **104,0** |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,8 | 90,4 | 91,5 | 89,8 | 91,0 | 94,8 | 98,5 | 102,6 | 103,5 | 104,4 | 105,2 | 106,1 | 106,0 | 106,9 | 107,1 | 108,1 | 107,6 | 105,5 | 105,0 | 102,6 | 102,0 | 101,8 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 109,8 | 110,6 | 109,8 | 110,6 | 110,5 | 110,3 | 109,0 | 109,3 | 109,0 | 109,0 | 107,9 | 110,6 | 110,5 | 111,7 | 112,0 | 111,4 | 111,1 | 111,8 | 111,3 | 110,4 | 111,0 | 109,6 | 110,3 | 107,3 |
